# “Биз ошого татыктуубуз деп айтышты”
## Кыргызстандагы милиция тарабынан гей жана бисексуалдык эркектерге карата зомбулук

## Корутунду

> Милиция мага Кыргызстан сен үчүн жер эмес деп айтты. Мага окшогон эрлерди көп билебиз деп айтышты. Дагы: “Сен биринчи (камакка алынган гей) эмессиң, сен акыркы да эмессиң” деди. Мен гей болгонду ташташым керек деди.
>
> Михаил Кудряшов, 24, 2010-чу жылы Кыргызстанда милиция өкүлдөрүнөн зордук-зомбулук көргөн адам

2012 жылдын май айында 32 жаштагы Ф. Фатхуллого (чын аты эмес) досу чалып, аны башка бир эркек менен жакынкы мейманканада кезигишүүсүн уюштургандыгы тууралуу айтты. Милиция өкүлдөрү ал суйлөшкөн жерге келген соң кармап калышты да, колуна кишен кийгизип, кемсинтип, кордой баштады. Милиция бөлүмүнүө келгенинде алар аны бетинен жана кулагынан уруп, башка бир эркек менен кезигишүү ниети жөнүндө моюнга алуу кагазын жаздырууга зордукташты. Милиция Ф. Фатхуллону өзүнүн жумуш берүүчүсүнүн жана үй-бүлөсүнүн контактыларын берүүгө да зордуктады. Офицерлер аны “содомия” кылмышы (өз ара жыныстык байланыш Кыргызстанда кылмыш болбосо да) боюнча иш баштоору менен коркутуп, андан акча жана башка гей эркектердин контактыларын талап кылышты. Милиция офицерлери ага камакта кандай мамиле көрсөткөндүгү жөнүнду Ф. Фатхулло айтат:

> Офицерлер мага окшогон адамдар бул жашоодо күн көрүүгө татыктуу эмес деп мага айтышты. Чарчаганыман отурсам болобу деп сурасам, алар мен алардын отургүчүна отурууга татыктуу эместигимди билдирип, мага түкүрүштү. Сен жашоого татыктуу эмессиң деп, 10 000 сом (214$) бербесем мени талкалайбыз деп коркутушту.

Ф. Фатхуллонун иши сейрек эмес. Кыргызстандагы гей жана бисексуалдык эркектер милиция тарабынан ар кандай зордук-зомбулукка туш келет – алардын ичинде күч, жыныстык жана психологиялык зомбулук, шантаж жана коркутуп-үркүтүү, негизсиз камакка салуу. Ушундай кылмыш кылгын милиция офицерлери жазалоого туш келбейт – бул жазасыздык климатын түзүп, андан ары зордукка дем берет. Жапа чеккендер милициянын өчүнөн же алардын жыныстык ориентациясы жөнүндө туугандарына жана иш берүүчүлөрүнө айтып салышынан коркуп, алардын колунан тарткан азаптары жөнүндө өкмөткө арыз жазуудан тартынышат. Милициянын гей эркектерин кыйноо жана зордук-зомбулук көрсөтүү боюнча иштеринин бир азы гана Кыргызстанда тергөөгө алынат. Хьюман Райтс Вотч бир да милиция офицери гей же бисексуал эркектерин негизсиз камакка салуу, аларды кыйноо же зордук-зомубулук кылмыш иши боюнча жазалангандыгы жөнүндө билбейт.

Милициянын зордук-зомбулугу, шантаж жана опузалап алуусуу, жана ал кылмыштар үчүн жазасыздыгы Кыргызстанда абдан эле көп кезигишет. Бирок азчылык болуп саналган адам топтору мындай кылмыштардын астында өзгөчө алсыз болушат. Коомдо болгон консерватизм үчүн гей жана бисексуал эркектер ушундай зордук-зомбулук үчүн оңой бута болушат.

Буткул коомдо табылган гомофобия жана милиция арасында жайылган коррупция бул кыянаттарга дагы кошулушат. Жалпысынан Кыргызстанда эркектер көндүм эркек көрүнүштү алып, аял алып, балалуу болушка тийиш. Бул көндүмгө көнбөгөн эркектер өзүнүн үй-бүлөлүк жана коомдук милдетин аткарбаган катары саналып, шылдынданат. Көптөгөн адамдар гомосексуалдуулукту «трагедия» же «оору» катары көрүшөт. Аягында Хьюман Райтс Вотч интервьюлогон гей эркектердин көбү өзүнүн жыныстык ориентациясы жөнүндө туугандарына жана иш берүүчүлөрүнө ачылуусунан коркушат да аны ичине сактап жүрөт.

Хьман Райтс Вотч интервьюлогон 40 гей жана бисексуал эркектердин баары милиция алардын коркунучтары жөнүндө билерин айтып, милиция ал билимди гей же бисексуал эркектерге каршы колдоноору жөнүндө айтып беришти. Көбү, кыянат убагында 17 жашда болгон эки бала да кошулуп, милициянын колунан кандайдыр бир күч зордук, коркутуу же опузалап алууга же алардын баарына бир же бир нече жолу туш келгендиги жөнүндө айтып беришти.

Бул отчет үчүн интервьюлонгон эркектердин көбү андан тышкары камакта орой мамилеге туш болгондугу жөнүндө да айтышты – анын ичинде уруу, тээп жиберуу, мылтык кундактары менен же башка объектилер менен сабоо. Бир нечеси милициядан жыныстык зордук-зомбулук көргөнү жөнүндө айтышты – анын ичинде басымчалоо, топтук басымчалоо; таяк, балка, же электрикалык шоккерди алардын анусуна зордоп киргизуу аракеттери; кармоо убагындагы чакырылбаган кармап-тийүүлөр, же милициянын астында чечинтүү. Кээ бир учурларда мындай милициядан келген орой мамиле кыйноонун деңгээлине жетчү.

Бир нече эркек, анын ичинде кыянат учурунда 17-жаштагы бала, Хьюман Райтс Вотчго милиция аларды жыныстык зомбулук менен (кээ бирде кийим илгич менен же бөтөлкө аркылуу) коркутушкандыгы жөнүндө айтып кетишти. Милиция алардан дагы ар кандай кемсинткен суроолор менен – мисалы алар жыныстык катнашта «актив» же «пассив» ролдорун алаардыгы жөнүндө – суракка салгандыгы да жөнүндө айтышты.

Хьюман Райтс Вотч интервьюлогон гей жана бисексуал эркектердин көбү милиция алардын жыныстык ориентациясы жөнүндө алардын бир туугандарына, иш берүүчүлөрүнө же студент болсо алардын университет администрациясына, же башкаларга айтабыз деп коркутгандыгы жөнүндө айтып беришти. Кыргызстанда адамдын жыныстык катнашы жөнүндө ачык айтуу оор натыйжаларга алып келиши мүмкүн – анын ичинде зордук-зомбулук, жумушунан ажыроо, көп жылга жеткен коомдук жана үй-бүлө жактан келген остракизм.

Хьюман Райтс Вотч интервьюлогондун көбү милиция аларды акча төлөгөнгө зордогондугу жөнүндө айтышты. Ал 600 сомдон баштап (12$) 1000 долларга чейин жеткен акча алардын милиция тарабынан күч зомбулуктан, камакка салуудан кутулуу, же жыныстык ориентациясы жөнүндө айтбастык үчүн талап болуп саналчу.

Кыргызстанда милиция гей жана бисексуал эркектерди алардын жыныстык ориентациясы үчүн эле камакка салууга эч кандай укугу жок. 1998 жылы Кыргызстан совет убагынан келген өз ара жыныстык байланышты кылмыштоодон баш тартып, ал кылмышты жаңы кылмыш кодексинен алып салган. Бирок, ага карабастан, милиция негизсиз эле гей жана бисексуал эркек жана жаш балдарды бир гана алардын жыныстык ориентациясы үчүн коомдук жерлерде токтотуп, же камакка салгандыгы

жөнүндө Хьюман Райтс Вотч билди. Милиция гей жана бисексуал эркек жана жаш балдарды интернеттеги кезигишүү сайттарынан, же гей клубдардын тышынан, гей жана бисексуал эркек жана жаш балдар кезигишкен парктардан, жана башка жерлерден таап алышат.

Кыргызстанда мамлекеттик мыйзамы жана Кыргызстандын эл аралык укук алдындагы милдеттери боюнча кыйноо, орой мамиле, негизсиз камакка салуу жана коркутуп акча алууларга тыюу салынат. Бирок, аларга карабастан бул отчет учурдагы болгон милициядан кеткен кыянат пайдаланууга каршы системалар гей жана бисексуал адамдарды зордук-зомбулуктан жана коркутуп акча алдыруудан коргоо үчүн жетишсиз. Хьюман Райтс Вотч интервьюлогон адамдардын баарынан эки эле адамы официалдуу түрдө башынан өткөн азаптары тууралуу арыз жазышкан. Бирөө дагы эле арызы боюнча эч кандай жооп ала элек. Экинчи иште милиция тергөө жүргүздү, бирок ал тергөө арыз жазуучунун зордук-зомбулук жөнүндөгу медициналык документтерин кароого албай, кылмыш ишин ачууга макул болбоду.

Бул отчет үчүн интервьюлонгон гей жана бисексуал эркектердин (анын ичинде адам укуктарын коргоочулар) көбү Хьюман Райтс Вотчго алар арыз жазуунун же учурдагы болгон кылмыш жана жаза системасын колдонуунун мүмкүнчүлүк эместиги, жана өкмөттүн алардын иштери боюнча иштээрине ишенбестиги жөнүндө айтып кетишти. Ачык эле милиция жагынан өч болоорунан коркушат. Андан тышкары милиция өкүлдөрү алардын жеке колтийбестигин бузуп, жыныстык ориентациясы жөнүндө туугандарына, коомго жана башкаларга айтып салышынан коркушат.

Хьюман Райтс Вотч документтештирилген милициянын гей жана бисексуал эркек жана жаш балдарды зордук-зомбулукка дуушар кылуусу учурдагы мээленген жана узакка созулган адамдарды (анын ичинде гей жана бисексуал адамдар) кыйноо жана орой-зордук мамилени алдын алуу боюнча аракеттердин муктаждыгын көрсөтөт. Кыргызстандын өкмөтү милициянын гей жана бисексуал адамдарга карата зордук-зомбулуктары жөнүндө арыз жазууга дем берүү кадамдарын жасашы керек. Ал кадамдардын ичинде жаңы эле уюштурулган Улуттук кыйноолорду алдын алуу борбору жана адам укуктары боюнча Омбудсмендин офиси ушундай арыздарды алууга жана аларды тергөөгө мандаты жана каражаттары менен камсыз кылуу.

Өкмөт бардык арыздарды убакытында жана кылмышкерлерди жазасына жеткирүүчү түрүндө текшерүүнү камсыз кылышы керек. Өкмөт токтоосуз түрдө зордук-зомбулукка туш келген жана кубө болгон адамдарды коргоо программаларын уюштуруусу керек – ал гей жана бисексуал адамдар жана башкалар арыздарын өчтөн коркпой жазышына жардам берет.

# Сунуштар

## Кыргызстандын өкмөтүнө

- Коомдук түрдө Кыргызстандагы гей жана бисексуал адамдарга каршы милициянын зордук-зомбулук проблемасынын көлөмүн жана оордугун таанып, аларды токтотуу үчүн бардык керектүү кадамдарды алууга милдеттенүү.
- Укук коргоо органдар тарабынан кыйноо, зордук-зомбулук жана башка ушу сыяктуу актылар сабыр кылынбайт, жана ар бир милициянын зомбулугу жөнүндө арыз токтоосуз кылдаттык менен тергөөлөнүп, кылмышкерлер жазаланышат экендиги жөнүндө деңгээлдүү директиваларды жазып жана таратуу. Ал директивалар өзгөчө проблеманы – ар кандай азчылык коомдук топторуна карата (алардын ичинде гей жана бисексуал адамдар) милициянын зордук-зомбулугуна айрыкча көңүл бурушу керек.
- Башкы Прокурордун офисин өзүнүн Кыргызстандын мыйзамы астында бардык укук коргоо органдар тарабынан кыйноо жана зордук-зомбулук жөнүндө арыздарды, алардын наамына карабастан, кылдаттык менен тергөө милдеттерин аткаруусуна чакыруу.
- Кыйноодон же зордук-зомбулуктан өткөн адамдар Кыргызстандын мыйзамы боюнча өкмөттөн туура келген компенсация алуусун камсыздоо.
- Кыргызстандагы болгон ЛГБТ-укуктар боюнча иштеген уюмдар менен кошулуп укук коргоочу органдар жана прокурорлордун офистери үчүн өзгөчө адам укуктары, ЛГБТ укуктары, дискриминация тренингтерин; укуктар боюнча гей жана бисексуал адамдардын арасында маалыматтоо кампанияларын; жана башка милиция тарабынан зордук-зомбулукту алдын алуу аракеттерин жүргүзүү.
- Улуттук кыйноого каршы борбор жана башка кыйноону алдын алуу боюнча аракеттер камакка алынбаган курмандардан (ЛГБТ адамдар кошулуп) жана башка элдин алсыз катмарларынын арасындагы өзүнүн жеке маалыматы конфиденциалдуу түрдө калышын каалагандардан арыз алууга эффективдүү механизмдерин камсыз кылуу.
- Улуттук кыйноого каршы борбор жана башка кыйноону алдын алуу уюмдары ЛГБТ-укуктары боюнча иштеген уюмдар менен чогуу иштеп, алардан ЛГБТ-укуктары жана дискриминация жөнүндө тренингтерин алуусун камсыз кылуу.
- Омбудсмен, жарандык коом жана ЕККУ-нун жардамы менен Омбудсмендин офиси, керектүүдөй мандат жана каражаттары болсо, көз карандысыз милиция жөнүндө арыздарды алуучу орган болушунун мүмкүнчүлүгүн изилдөө.

## Кыргызстандын Ишки Иштер Министрлигине

- Коомдук түрдө Ишки Иштер Министрлиги Кыргызстандагы милициянын зордук-зомбулук проблемасынын бар экендиги жөнүндө өкүнөт, жана андай зомбулуктарды башка сабыр кылбас менен милиция арасынан андай кылмышкерлерди жазалантат. Гей жана бисексуал адамдарга каршы болго зомбулуктарды өзгөчө айтып кетиш керек.
- Токтоосуздан тергөөнүн астындагы кыйноого же зордук-зомбулукка буйрук бергендиги, же аткаргандыгы, же аны менен макулдуулугу үчүн ар бир кызматчыны кызматынан убактылай бошотуу.
- Ушундай актылар жөнүндө билген, же билиши керек болгон, жана андай актыларды алдынан албаган чоң орундагы кызматчыларды тартипке кондуруу же жазалоо.
- Курмандарды ички тергөөлөрдүн натыйжалары жана дисциплинардык чаралары жөнүндө маалымыттоо, жана ал натыйжаларды Министрлик мындай актыларды сабыр кылбасыздыгын көрсөтүш үчүн коомдук түрдө статистика катары жарыялоо.
- Укук коргоочу органдардын бардык кызматкерлерин оңой таануу максатында алардын формаларында аты жана наамы ачык жазылгандыгын камсыз кылуу.
- Укук коргоочу органдардын бардык кызматкерлери милиция жөнүндө мыйзамына туура келип, анын беренелерин (алардын ичинде камакка салуунун узактыгы, камакка салынгандарды регистрация, жана башка процедуралар жана камактагыларды коргоо чаралары) аткаруусун камсыз кылуу.
- Регистрацияланбаган камактарды жокко чыгаруу жана БУУнун кыйноолор боюнча өзгөчө репортерунун 2012 жылдын Кыргызстанга карата сунуштары боюнча бардык камак жерлерде байкоо камераларын орноштуруу.

## Кыргызстандын Башкы Прокуратурасына

- Токтоосуздан жана кылдаттык менен ар бир милицияга жана башка укук коргоо органдарынын кызматкерлерине каршы жазылган зордук-зомбулук жана кыйноо арызын тергөөгө салуу жана ал жөнүндө буйрук берген, же аткарган, же анын макулдуулугу менен болгон зомбулуктар үчүн милдеттүү ар бир кызматчыны мыйзам боюнча толук жазалоо.
- Арыз жазгандардын (алардын ичинде гей жана бисексуал адамдар) укуктары жана коопсуздугуна гарантия берүү аркылуу зордук-зомбулук жөнүндө  арыз жазууга дем берүү.

- Ар бир тергөөнүн токтоосуздан жана кылдаттык менен алып баруусун жана бардык чоң наамда болгон дагы жоопtуу кызматкерлерди тергөөнүн астына салууну камсыз кылуу.
- Кыйноого же зордук-зомбулукка туш келген арызчылардын токтоосуз жана көз карандысыз соттук медициналык экспертизасын камсыз кылуу.
- Кызматтык кылмыш менен доомат кылынган милиция офицерлери тергөө убагында кызматынан убактылуу бошотулушу керек, жана алар иштеген топтун өкүлдөрү тергөөдөн чыгарылышы керек – бир кана күбө боло алышат. Мындай иштерде бийлик прокурорго токтоосуздан берилиши керек.
- Башкы Прокурордун астындагы өзгөчө милиция жана башка укук коргоо органдары кетирген кылмыштарды (алардын ичинде кыйноо, зордук-зомбулук, негизсиз камакка салуу, коркутуп акча алуу жана башкалар) тергөө боюнча органын уюштуруу.
- Ар бир прокуратурада ЛГБТ жана башка милициянын колунан азап тарткан адамдары үчүн контакты боло алган кызмат орунун уюштуруу жана ал орунду алган кызматкерлердин ЛГБТ жана башка коомдун алсыз катмарларынын укуктары боюнча билимин жогорулатуу.

## Кыргызстандын Адилет Министрлигине

- Улуттук мыйзамдардын эл аралык адам укуктары боюнча мыйзамдардын (ICCPR) дискриминацияга каршы (өзгөчө аялдар жана улуттук азчылык, жыныстык ориентация же жыныстык идентификациясы өзгөчө болгон топтордун өкүлдөрүнө карата) беренелерине, БУУнун Адам Укуктары боюнча Кеңешинин Универсалдык Мезгилдик Серебинин сунуштарына туура келгендигин карап чыгуу.

## Омбудсмен институтуна

- Адам укуктар боюнча милицияга каршы ЛГБТ адамдардан конфиденциалдуу түрдө арыздарды алуу жана тергөө.
- Өкмөт, жарандык коом жана ЕККУ-нун жардамы менен Омбудсмендин офиси, керектүүдөй мандат жана каражаттары болсо, көз карандысыз милиция жөнүндө арыздарды алуучу орган болушунун мүмкүнчүлүгүн изилдөө.

## Улуттук Кыйноого Каршы Борборуна

- Кыйноо жана зордук-зомбулук учурларын бейлөө аракеттерин коомдук азчылык топторуна – анын ичинде ЛГБТ адамдар – фокустоо жана конфиденциалдуу түрдө бардык ЛГБТ-адамдарга каршы кыйноо арыздарын тергөө.

## Кыргызстандын ЛГБТ-укуктары боюнча иштеген уюмдарга

- Токтоосуз түрдө гей жана бисексуал адамдарга каршы милициянын зордук-зомбулугун токтотуу боюнча программаларын укук боюнча билим беруу тренингтери, милиция зомбулугунун курмандарына маалымат жана юридикалык, психологиялык тейлөө берүү аркылуу колдоо.
- Башка адам укуктары боюнча иштеген уюмдар, туура келген өкмөт институттары жана эл аралык уюмдар менен кошулуп ушул сыяктуу программаларда катышуу.
- ЛГБТ коомчулуктарынын арасында милициянын зордук-зомбулуктары, Кыргыз жана эл аралык мыйзамдын астындагы ар бир жарандын укуктары, жана милиция зомбулуктары жөнүндө арыз жазуу механизмдери жөнүндө маалымат беруу.

## Милиция реформа, Кыйноо жана башка ушул сыяктуу темалар боюнча иштеген Кыргызстандагы Адам Укуктарын Коргоочу Уюмдарга

- ЛГБТ уюмдарын милициянын гей жана бисексуал эркектерге каршы зордук-зомбулугу, кемсинтүү, негизсиз камакка салуу, орой мамиле, кыйноо, жыныстык баскынчылык жана зомбулугу жөнүндө окуяларын документтештирүү аракеттерине кол кабуу жана юридикалык жана башка тейлөөлөрдү милиция колунан азап тарткан гей жана бисексуалдарга сунуштоо.
- Гей жана бисексуал адамдарга каршы милициянын кыйноо жана зордук-зомбулук иштерин Кыргыз өкмөтү, эл аралык уюмдар жана шериктештер менен талкулоо үчүн күн тартиптерине кошуу.

## Улуттук жана Эл аралык КИТВди алдын алуу боюнча иштеген Уюмдарына

- Коомдук алсыз катмарларына (гей жана бисексуал адамдары кошулуп) каршы милиция зордук-зомбулуктарын адвокация программаларынын биринчилик темаларына киргизүү.

- ЛГБТ-укуктары боюнча иштеген уюмдарды адам укуктары жана ЛГБТ укуктары боюнча укук коргоо органдарынын кызматкерлерине, сотторго жана прокурорлорго иштеп чыгарылган тренинг жана адвокация иш-чараларына активдүү түрдө кошуу.

## Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмуна (ЕККУ)

- ЛГБТ укуктары боюнча иштеген уюмдар менен чогуу ЛГБТ укуктарын учурда өтүп бараткан милиция реформасына жана ЕККУ тренинг программаларына киргизүү.

- Милициянын зордук-зомбулуктарын алдын алуу чараларын алгачкылык менен Кыргызстандагы милиция реформа программасында алып баруу жана ЕККУ-колдогон программаларда ачык түрдө керектүү мөөнөттөрдү жана критерийлерди кошуу.

- Улуу Ишки Иштер Министрлигиндеги жана башка өкмөт кызматкерлерине милициянын зордук-зомбулугуна (гей жана бисексуал эркектерге каршы да) сабыр кылбоо жөнүндө коомдук декларациясынын керектүүлүгүн коммуникациялоо.

- Омбудсмен офисинин жана жарандык коомдук жардамы менен Омбудсмендин офиси, керектүүдөй мандат жана каражаттары болсо, көз карандысыз милиция жөнүндө арыздарды алуучу орган болушунун мүмкүнчүлүгүн изилдөөдо Кыргыз өкмөтүнө жардам берүү.

## АКШ, Европа Бирлиги жана жеке Европа Бирлигинин мүчө өкмөттөрүнө

- Коомдук түрдө милициянын гей жана бисексуал эркектерге каршы зордук-зомбулугун айыптоо жана бул суроолорду Кыргыз өкмөтүнүн өкүлдөрү менен ар кандай денгээлдеги кезигишүүлөрдө талкуулоо.
- Каржы жана башка жардамды ЛГБТ укуктары жана башка адам укуктары боюнча иштеген юридикалык, психологиялык жана башка милициянын колунан азап тарткан гей жана бисексуал эркектерге тейлөө сунуш кылган уюмдарга жеткиликтүү кылуу.
- 2013 жылдын июнь айында чыккан лесбиянка, гей, бисексуал, трансгендер жана интерсекс адамдардын болгон бардык адам укуктарын колдонуусун илгерилетүү жана коргоо жөнүндөгү ЕБ колдонмосу боюнча ЛГБТге каршы ар бир зордук-

зомбулук менен күрөшүүгө курмандарга жардам берүү, жарандык жана өкмөттүк зордук-зомбулукка каршы демилгелерин кубаттоо аркылуу кол кошуу.
- Дискриминациянын ар бир түрүнө (жыныстык ориентация же жыныстык идентификациясы негизинде дагы) каршы темаларды ЕБнин Борбор Азиядагы Мыйзамдын Улуктугу Демилгесинин бардык юридикалык билим берүү тренингтеринин программасына киргизүү.

## БУУнун Адам Укуктары Боюнча Жогорку Комиссарына (АУБЖК)

- 2013 жылдын июль айында башталган АУБЖКнын “Эркин жана Тең” аттуу кампаниясынын сунуштарына ылайыктуу ЛГБТ укуктарын Борбор Азиядагы регионалдык офисинин алгачтык темаларынын ичине кошуу. Ал кампания “гомофобиялык жана трансфобиялык зордук-зомбулук жана дискриминация жөнүндө билдирүү, жана ЛГБТ адамдардын укуктарын кадырдоо” үчүн башталган кампания.
- Кыргыз мыйзамдары эл аралык кыйноого жана дискриминацияга каршы адам укуктары боюнча (ЛГБТ укуктары кошулуп) мыйзамдарына ылайыктуу болушу үчүн БУУнун бейлөө жана башка механизмдеринин сунуштары боюнча Кыргыз өкмөтү менен кыргыз мыйзамдарына керектүү өзгөртүүлөрдү иштеп чыгаруу.
- Коомдук түрдө ЛГБТ укуктары боюнча иштеген уюмдарга кол берүү, алар менен систематикалык түрдө кезигишүү жана ЛГБТ укуктары боюнча иштеген уюмдарынын өкмөт политикалары жөнүндө сунуштарын кабыл алуу. ЛГБТ уюмдарын АУБЖК колдогон жарандык коомдук коалициялардын ишине киргизүү.